**ПРАВО RIGHT**

УДК 342.82

***Абдылдаева Наргиза Уркасымовна***
*ага окутуучу,*
*И.Арабаев атындагы КМУ, Гуманитардык билимдер факультети,*
*Экономика жана башкаруу кафедрасы*
***Абдылдаева Наргиза Уркасымовна,***
*старший преподаватель,*
*кафедра «Экономика и управление» Факультет Гуманитарных знаний,*
*КГУ им. И.Арабаева*
***Abdyldaeva Nargiza Urkasymovna***
*senior lecturer of the department*
*economics and management of Kyrgyz State University*
*named after I.Arabaeva*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ТУТУМУНУН ӨНҮГҮҮСҮНӨ КОНСТИТУЦИЯЛЫК РЕФОРМАЛАРДЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Аннотация.** Венециялык комиссия конституциялык укук жаатында иш алып барат, сунуштарды берет, шашылыш конституциялык жардамды көрсөтөт жана конституциялык мүнөздөгү документтерди талдайт. Венециялык комиссия Кыргыз Республикасында болуп келген конституциялык реформаларга да ар дайым корутундуларын жарыялап келген. Бул макалада Венециялык комиссиянын ар бир реформага берген корутундуларын анализдеп, салыштыруу жүргүзүлдү.

**Негизги сөздөр:** Венециялык комиссия, конституциялык укук, реформа, корутунду, анализ, салыштыруу.

## РОЛЬ КОНСТИТУЦИОННЫХ РЕФОРМ В РАЗВИТИИ ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Аннотация.** Венецианская комиссия работает в области конституционного права, дает рекомендации, оказывает экстренную конституционную помощь и анализирует документы конституционного характера. Он всегда публиковал свои выводы о проводимых конституционных реформах в Кыргызской Республике. В научной статье, проанализирован и сопоставлен все выводы Венецианской комиссии по каждой реформе.

**Ключевые слова:** Венецианская комиссия, конституционное право, реформа, заключение, анализ, сопоставление.

## THE ROLE OF CONSTITUTIONAL REFORMS IN THE DEVELOPMENT OF THE ELECTORAL SYSTEM OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Abstract.** The Venice Commission works in the field of constitutional law, makes recommendations, provides emergency constitutional assistance and analyzes documents of a constitutional nature. He has always published his findings on the ongoing constitutional reforms in the Kyrgyz Republic. In a scientific article, all the conclusions of the Venice Commission for each reform are analyzed and compared.

**Key words:** Venice commission, constitutional law, reform, conclusion, analysis, comparison.

**Киришүү**

Кыргыз Республикасы Орто Азиядагы жана КМШга (Көз карандысыз мамлекеттин шериктеши) кирген мамлекеттердин арасында демократиялуу нукта өнүгүп келе жаткан жана адам укуктарын, эркиндикти, сөз эркиндигин улук туткан мамлекет катары таанылып келебиз.

Мамлекет баш-аламандыктарды, татаал социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөрдү башынан бир нече ирет өткөрдү. Мисалы алып карасак: Аксы окуясы – март 2002-ж.; жоогазын революциясы – 24-март 2005-ж.; элдик апрель революциясы – 7-апрель 2010-ж.; парламенттик шайлоодон кийинки чыккан жаңжал – 4-октябрь 2020-ж.. Эркиндикти туу туткан эл катары мамлекетибиз демократиялык принциптер менен түптөлүп келет, бирок демократиялык принциптер мамлекеттин түптөлүшү менен чогуу калыптанып келсе дагы демократиялык салттар түптөлө элек десек жаңылышпайбыз.

Мамлекеттин өнүгүү жолундагы Конституциянын ээлеген орду, кошкон салымы тууралуу, Констиуциялык укук тармагындагы эл аралык кесипкөй уюм катары Венеция комиссияны таанығандыктан, бул уюмдун конституциялык реформаларга берген байкоолору анализге алынды. Венеция комиссиясы конституциялык укуктар боюнча кеңешме орган катары 2002-жылдан баштап Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформалык процесстерине байкоо жүргүзүп келет.

**Изилдөө натыйжасы**

Бийлик башында эл турат деп Кыргыз Республикабыздын Конституциясынын 1-беренесинин, 4-пунктунда “Кыргыз Республикасынын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болуп саналат” деп берилген. Ал эми Конституциябыздын 2-беренесинин 3-4 пунктарында мындай деп белгиленген “Кыргыз Республикасынын жарандары өзүнүн бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда (бүткүл элдик добуш берүү), ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат [1]. Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот”. Жогоруда көрсөтүлгөн Конституциянын беренелеринде бийлик башында жаран тургандыгы анык жазылган, жарандарга Жогорку Кеңеш, жергиликтүү кеңеш аркылуу мамлекетти башкарууга мүмкүнчүлүк берилген, жаран ал мүмкүнчүлүгүн шайлоо системасы аркылуу ишке ашыра алат. Шайлоо системасы демократияны орнотуудагы бирден бир маанилүү баскычы болуп саналат. Мамлекет демократиялык нукта өнүгүү жолуна шайлоо системасынын туура нукта өнүгүүсү менен келе алат, бирок шайлоо системасынын демократиялык нукта өнүгүшүнө Конституция жана тиешелүү мыйзамдардын туура түптөлүшү зор мааниге ээ [4].

Мыйзамдардын булагы болгон Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөрүүлөр бир нече жолу киргизилген. Реформалардын орчундууларынын бири 27-июнь 2010-жыл жана 11-апрель 2021-жылдагы референдумдарга Венеция комиссиясынын корутундуларын анализке алып көрдүк.

25.06.2010-жылы референдумга чыккан Конституциянын долбооруна Венеция комиссиясынын берилген жыйынтыгынын 64 жана 38-параграфтарында төмөндөгүдөй деп берилген:

1. Конституциянын долбоору жогорку баага татыктуу, анткени ал Борбордук Азияда биринчи жолу парламенттик башкаруу формасын түзүүнү карайт. Мындай системанын айрым кемчиликтери болушу мүмкүн болсо да, Кыргызстандын тажрыйбасы көрсөткөндөй, президенттик башкаруу формасы оңой эле авторитардык системага ай-

ланып кетиши мүмкүн. Партиялык система анча өнүкпөгөнү менен, Кыргызстанда парламенттик системада демократиялык өнүгүү үчүн негиз боло ала турган жетишээрлик күчтүү жарандык коом бар [7].

2. Депутаттар пропорционалдык системанын негизинде 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Кыргызстандагы шайлоо системасына карата буга чейин бир нече эксперименталдык ыкмалар колдонулган: шайлоо аралаш система жана мажоритардык система боюнча өттү. Көйгөй өлкөдө туруктуу партия системасынын жоктугунда, анда англиялыктар же француздар сыяктуу демократиялык системалардагыдай эле, партиялардын жашоого карата белгилүү бир салттары жана көз караштары болбогондукта. Пропорционалдык системаны киргизүү чечими парламенттеги саясий пикирлердин плюрализмин күчөтүүгө жардам берет. Бирок, жарандык коомдо бир топ башка саясий профилдеги партиялардын өнүгүшү үчүн керектүү күчтөрдүн болушу кажет" деп баса белгилеп, пропорционалдык шайлоо тутумун киргизүү тууралу 2007-жылдагы Конституциялык реформадагы конституциянын долбооруна берилген жыйынтыгын эске салуу иретинде шилтеме көргөзүлгөн [7]. 2007-жылы реформадагы чоң жетишкендик деп, пропорционалдык шайлоо тутумун кабыл алынышында болгону белгиленген, бирок эл аралык уюмдар, эксперттер бул тутумдун киргизилиши кооптуу деп эскертүү беришкен. Себеби жогоруда Венеция комиссиясынын көргөзмөсүндө берилгендей Кыргыз Республикасында Англия, Франция өлкөлөрүндөй партиялык система өнүккөн эмес. Кыргызстанда партиялык системага уйкаш келген Курултай тутуму эзелтен бери болгондуктан пропорционалдуу тутумга депутаттар туура көз караш менен карап кабыл алышкан. Бирок, партиялык тутумдун өнүгүшүнө курултай тутумунун каада-салты түптөлүп келгендиги аздык кылат деген ойлор айтылган. «Партиялык тутум өтө начар өнүккөндүктөн, партияларды жогору жактан жасалма негизинде түзүүгө өбөлгө болот деген коркунуч бар. Алар калктын конкреттүү көйгөйлөрүнө негизделбестен, бизнестин кызыкчылыктарын, ошондой эле аткаруу бийлигинин кызыкчылыктарын көзөмөлдөп аткарып калышат. Анын үстүнө конституциялык реформада көз карандысыз талапкерлерге орун жок» деп 2007-жылдагы Конституциялык реформага Венеция комиссиясынын билдирүүсүнүн жыйынтыгында белгилеп кеткен [6]. 2007-жылкы жыйынтыктоосунда берилген божомолдор 10 жылдан кийин коркунучка айланып кезектеги митингдин (04.10.2020 ж.) Конституциялык реформага (21.01.2021 ж.) алып келди.

11.04.2021-жылы референдумга чыккан Конституциянын долбооруна салыштыруу максатында Венеция комиссиясынын жыйынтыгынан алынган параграфтарды талкуура чыгардык. Себеби Жогорку Кеңештин VI чакырылышы мөөнөтүн узартып алуусу, же болбосо мөөнөтүнүн өтүп кетиши менен кийинки депутаттардын шайланып келишине чейинки убакыттагы аларга берилген укуктардын чектелишин аныктоо өтө маанилүү. Канчалык деңгээлде мөөнөтү бүткөн депутаттардын конституциялык реформа жүргүзүү, конституциялык мыйзамдарды кабыл алуусу мыйзамдуу? деген суроого мен үчүн юридикалык кандидаттын изденүүчүсү катары анализдеп жооп издөө маанилүү.

Венеция комиссиясынын жыйынтык маалыматынын 17-параграфына ылайык төмөндөгүдөй түшүнүк берилген. Конституцияда шайлоолорду өткөрүү убактысы белгиленген эмес, депутатардын беш жылдык ыйгарым укуктарынын аяктоосу кийинки шайланып келген депутаттардын ант берүүсү менен аяктайт. Демек, кийинки депутаттар шайланып келгиче иш алып барып жаткан депутаттарга белгилүү бир ыйгарым укуктары берилет. Эгерде шайлоо мөөнөтү аяктап, бирок кандайдыр бир орчундуу негиздер менен шайлоо мөөнөтү жылдырылса эч кимдин укугу бузулбайт. Эреже катары, жаңы шайлоону жарыялоо үчүн орточо убакыт аралыгы жана аларды уюштуруу үчүн 30дан 70/80 күнгө чейинки мезгил

берилиши керек. Шайлоо 2021-жылдын 1-июнуна чейин дайындалышы керек, б.а. 8 айга чейин, кийинки депутаттардын шайлоосу болуп өтүшү шарт. Мындай кечигүү орточо убакыттан ашат жана жакшы негизделген шарттар өзгөчө жагдайлар болушу талап кылынаары туралуу жазылган [8].

Мындан кийинки параграфта эле беш жылдык мөөнөтү бүтүп, бирок жаңы парламенттин мөөнөтү башталганга чейинки убакытта депутаттардын айрым ыйгарым укуктары сакталып ишин уланта беришет, бул өкмөттүн иш-аракетинин үзгүлтүксүз улантуусунда маанилүү деп көргөзүлгөн. Бирок кийинки эле 20-параграфта төмөндөгүдөй толуктоо киргизилген. Парламенттин мандаты бүткөндө анын саясий мыйзамдуулугу төмөндөйт. Парламенттин мандаты аяктоо менен чогуу ыйгарым укуктары да чектелет. Ошондуктан, көптөгөн өлкөлөрдө, парламенттин мандаты аяктагандан кийин, күнүмдүк иштерди гана жүргүзүүгө, аткарууга укуктуу. Бул жалпы кабыл алынган конституциялык практика [9].

**Корутунду**

Венеция комиссиясынын Кыргыз Республикасынын Конституциялык реформаларына берген корутундуларына ылайык жыйынтык. Кыргыз Республикасынын шайлоо тутуму теорияда каралган шайлоо тутумдарынын бардык түрлөрүн ишке ашырган, мисалы:

- Жогорку Кеңештин I чакырылышы эки палаталуу парламент бир мандаттуу округдарда мажоритардык тутум аркылуу шайланган (1995-2000-жж.);
- Жогорку Кеңештин II жана III чакырылыштары аралаш тутум аркылуу шайланган (2000-2005- жж., 2005-2007- жж.);
- Жогорку Кеңештин IV, V жана VI чакырылыштары пропорционалдык тутум аркылуу шайланган (2007-2010 -жж., 2010-2015- жж., 2015-2021-жж.);
- Жогорку Кенештин VII чакырылышы аралаш тутум аркылуу, можаритардык жана пропорцианалдык-преференциялык шайлоо тутуму менен шайланды (2021-2026- жж.).

Кыргыз Республикасы шайлоо тажрыйбасы, шайлоого киригизилген инновациялык жаңылыктары менен коңшу мамлекеттерден алдыда. Бирок, ошол эле учурда мыйзамдардын так жазылып жана анын аткарылышы ишке аша элек.

Шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого багытталган аракеттерге жазаны күчөтүү менен бирге жоопкерчиликке тартуу боюнча жаны механизмдерин ишке киргизүү керек.

**Колдонулган булактардын тизмеси**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Слово Кыргызстана. – 2021. – 11 май.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]: 2010-ж. 24-июнунда референдумда кабыл алынды. – Бишкек: ОсОО Камила Принт, 2015. – 123 б.
3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]: Кыргыз Респ. ЖК он экинчи сессиясында 1993-жылы 5-майында кабыл алынган, 2003-жылы 2-февр. Референдумда кабыл алынган 2003-жылы 18-февр. №40 Кыргыз Респ. Конституциясынын жаңы ред. жөнүндө Кыргыз Респ. мыйзамында баяндалган. – Бишкек: Учкун, 2003. – 108 б.
4. Арабаев Ч. И. Кыргыз Республикасынын жарандык укугу [Текст]: окуу китеп / Ч. И. Арабаев. – Бишкек: Нур-Ас басма үйү, 2009. – 1-т. – 479 б.
5. Джумабаев М. Д. Развитие избирательной системы Кыргызской Республики [Текст] дис. … канд. юрид. наук: 12.00.02 / М. Д. Джумабаев. – Уфа, 2004. – 196 с.
6. Заключение Венециан.комис. [Текст]: принято CDL-AD(2007)045, параграф 45 [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/?pdf=CDL-AD(2007)045-e – Загл. с экрана.

7. Заключение по проекту Конституции Кыргызской Республики (редакция, опубл. 21 мая 2010 г.) [Текст]: принято Венециан. комис. на ее 83 пленарном заседании (Венеция, 4 июня 2010 г.). – Страсбург, 2010.

8. Кыргызстан. Срочное заключение AMICUS CURIAE в связи с переносом выборов мотивированным конституционной реформой [Текст]: выпущено в соответствии со ст. 14а правил процедуры Венециан. комис. – Страсбург, 2020.

9. Кыргызстан. Совместное заключение по проекту Конституции Кыргызской Республики [Текст]: принято Венециан. комис. на 126-м пленарном заседании в режиме онлайн (19-20 марта 2021 г.) / Европейская комис. за демократию через право (Венециан. комис.); Бюро по демократ. Ин-там и правам человека (ОБСЕ/БДИПЧ). – Страсбург; Варшава, 2021.